**ГЕОГРАФИЯ ПРЕДМЕТИ БОЮНЧА БАА КОЮУНУН КРИТЕРИЙЛЕРИ**

Окуучулардын билимдерин баалоо.

Коюлган максаттарга жана окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө карата:

- Материалдын баяндалышынын тууралыгын жана түшүнүктүүлүгүн, түшүнүктөр менен мыйзамченемдүүлүктөрүн ачып көрсөтүлүшүн, географиялык терминологияны колдонуунун тактыгын;
- жооптун өз алдынчалыгын ;
- материалды баяндоочу логикалуулукту, далилдүүлүктүү;
- интелектүүлүктүн,жалпы эле билимдин, өзгөчө ыкмалардын түзүлүү деңгээлин.

"**БЕШ**" – курстун негизги материалын толук туура чагылдырса ,түшүнүктөрүн , мыйзамченемдүүлүктөрүн , географиялык өз ара байланыштардын мазмуну туура ачылып, алар мисалдар менен конкреттештирилсе, корутундуларды далилдөө үчүн карталар менен билимдерин башка булактар менен туура пайдаланылса; мурда алынган билимдерге таянуу менен өз алдынча жооп берилсе жана азыркы учурдун маанилүү географиялык окуялары жөнүндө кошумча маалыматтар айтылса коюлат.

"**ТӨРТ**" – жооп жогоруда аталган талаптарды канааттандырса, ал толук, туура болсо ; географиялык негизги материалды же корутундуларды баяндоого мугалимдин кошумча суроолору боюнча жеңил оңдоло турган так эместиктер кездешсе коюлат.

"**ҮЧ**"—жооп туура эмес, окуучу негизинен материалды түшүнүп, бирок түшүнүктөр менен мыйзамченемдүүлүктөрү так эмес аныкталса; өз ара байланыштарды өз алдынча түшүндүрүүдө кыйналып , материалды иретсиз баяндаса , жооп берүүдө карталарды пайдаланууда ката кетирсе коюлат.

"**ЭКИ**"-туура эмес жооп берсе; окуу материалынын негизги мазмуну ачылып берилбесе , мугалимдин кошумча суроолоруна жооп бербесе , түшүнүктөрдү аныктоодо одоно каталар кетирилсе, карта менен иштей албаса коюлат .